## 2019-2020-окуу жылынын класстан тышкаркы иштер боюнча анализи

Мектепте 2019 – 2020 - окуу жылында класстан тышкаркы иштер боюнча иш мерчеми түзүлдү. Иш мерчем  алты багытта түзүлгөн. Алар төмөндөгүдөй:

1. Адеп  тарбиясы
2. Патриоттуулукка тарбиялоо
3. Атуулдук тарбия
4. Саясий маданияттык тарбия
5. Эмгекке табиялоо
6. Экологиялык тарбия

“1- сентябрь Билим” күнүндө салтанаттуу тизим өтүлүп ар бир класска класс жетекчилдер дайындалып алар: башталгыч класстар боюнча 1-а класс жетекчиси Абдраимова Асель, 1-б, класс жетекчиси Медетова Назира, 2-а класс жетекчиси Иманкулова Альбина, 2-б класс жетекчиси Шалпыкова Миргүл, 3-а класс жетекчиси Сатарова Асель, 3-б Кулуева Жийде , 4-а Канболот кызы Элиза, 4-б Темирова Г, 5-а класс Алманбет кызы Жазгүл, 5-б класс Нусупова Асель, 6-класс Турдукулова Бермет, 7-класс Бакаева Асель, 8-а класс жетекчиси Алияскарова Нургүл, 8-б класс жетекчиси Муктарова Б, 9-а класс жетекчиси Чортонбаева Асель, 9-б класс Кулумбаева Айнагүл, 10-а класс Аргымбаев С, 10-б класс Баялиева М, 11-класс Тыныбекова Ж дайындалды. Райондук билим берүү бөлүмүнөн берилген тарбиялык журналдар класс жетекчилерге таратылды. Ошондой эле класстык сааттар өтүлдү. Окуу күнүнүн биринчи жумасында мектеп ичинде өзүн-өзү башкаруу жаатында милдеттүү түрдө иш алып барышкан “Ак Тилек” президнттин шайлоо окуучулар тарбынан ачык түрдө жүргүзүлүп, жыйынтыгында 37 добуш менен 11-класстын окуучусу Таалайкелди уулу Алияскар шайланды. Ошондой эле ар бир класстан уюмдун мүчөлөрү бектилди.

23-сентябрь кыргыз тилинин “Мамлекеттик тил” болуп кабыл алынышынын 29 жылдыгына карата жумалык өтүлүп, тизимде түшүндүрүү иштери кенен жүргүзүлүп,0 кыргыз тил гимнин, мамлекттик символикаларды жатка билүүлөрүн талап кылып, ыр, макал-лакап, жаңылмачтар айтылып турду. 11,10-класстардын окуучулары биргеликте, кырпгыз тил жана адбаияты мугалими Байгазиева Чынаранын демилгеси менен мектептин маданият үйүнө “ Кыргыз тили коркунучта“ деген темада дебат уюштурулуп, учурдагы тилдин көйгөйлөрү кызуу талкууланды. Дебаттын жыйынтыгында “Биз тилибизди сактайбыз” деген ураан менен жыйынтыкталып активдүү катышкан окуучуларга белектер тапшырылды ж.б төмөндөгүдөй иштер аткарылды.